**Анкета по дисциплине**

| | |
|---|---|
| **Дисциплинанын аталышы** | **Турмуш-тиричилик коопсуздугу жана климаттын өзгөрүүсү** |
| **Дисциплинанын максаты** | Студенттерде эмгектин коопсуз шарттарын уюштуруу чөйрөсүндө билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн комплексин калыптандыруу, ошондой эле аларды практикалык ишмердүүлүктө колдоно билүүгө үйрөтүү. |
| **Дисциплинаны окутуудагы күтүлүүчү натыйжалар** | **ОН-5** – окуучулардын билим алуу муктаждыктарын жана кыйынчылыктарын диагностикалоого, диагностиканын жыйынтыктарынын негизинде жекече билим берүү стратегияларын пландаштырууга жана ишке ашырууга, математиканы, информатиканы жана физиканы окутууда инклюзивдик практикаларды колдонууга жөндөмдүү.<br><br>**Код контролируемой компетенции**<br><br>**КК-8.** Туруктуу өнүгүү үчүн инсанга багытталган билим берүүнүн принциптерине ылайык билим берүү процессинин оптималдуу педагогикалык шарттарын түзө алат(дени сак жашоо образы, жаратылышты коргоо жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу, энергиялык натыйжалуулук, маданий ар түрдүүлүк, гендердик, инклюзия ж.б.).<br>**КК-21.** Окуучулардын түрдүү тармактардагы (психикалык, социалдык, адеп-ахлактык ж.б.) өнүгүү деңгээлиндиагностикалоого жана ошого жараша ар кандай терс таасирлерди (зордук-зомбулук, баңгилик заттарды жана алкоголду колдонуу ж.б.) алдын алуу боюнча профилактикалык иштерди жүргүзө алат. |
| **НББПдагы дисциплинанын орду** | Бакалавриаттын негизги билим берүү программасынын (НББП) “Турмуш-тиричилик коопсуздугу жана климаттын өзгөрүүсү” дисциплинасы 1-курстун 1-семестринде – 2 кредит (60 саат) көлөмүндө окутулат. |
| **Курстун кыскача мазмуну** | Турмуш-тиричилик коопсуздугунун теориялык негиздери. Коркунучтар. Өндүрүштүк зыяндуу жана кооптуу факторлор. Өрт коопсуздугу. Жарандык коргонуу системасы жана аны билим берүү мекемелеринде уюштуруу. Тынчтык жана согуш мезгилиндеги өзгөчө кырдаалдар. Жер титирөө очогунун мүнөздөмөсү, жер көчкү, сел ж.б. Калкты табигый кырсыктардан, аварияларлардан жана катастрофалардан коргоо. Кесепеттерди жоюу. Сергек жашоо образы – жогорку иш жөндөмдүүлүгүнүн негизи. Тышкы чөйрөнүн факторлорунун адамдын ден соолугуна тийгизген таасири. Организмдин функционалдык көрсөткүчтөрүн аныктоо жана баалоо (тамырдын кагышы (пульс), артериялык басым, дем алуу, дене табы ж.б.). Травматизм жөнүндө түшүнүктөр, классификациясы. Өндүрүштүк, тиричилик, балдардын травматизми ж.б. Экстремалдык шарттарда жабыркагандарга алгачкы медициналык жардам көрсөтүү. Кээ бир оорулар учурундагы шашылыш жардам. Жүрөк токтогондо жана дем алуу токтогондо өпкө-жүрөк реанимациясын жүргүзүү. Кыргызстандагы социалдык мааниге ээ инфекциялык оорулар. |